**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы**
723600 Ош обл. Өзгөн ш., Манас к.
ИНН: 02607201710137
ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерциялык Банк Кыргызстана"
э/э 1031520000159869
БИК 103015

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**Ассоциация медицинских колледжей Кыргызстана**
723600 Ош обл. г. Узген ул. Манас
ИНН: 02607201710137
ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерческий Банк Кыргызстан"
р/с 1031520000159869
БИК 103015

**KYRGYZ REPUBLIC**
**Association of Kyrgyz medical colleges**
723600 Osh region Uzgen city st.Manas
PIN: 02607201710137
ОКПО: 30028220
ОАО "Commercial Bank Kyrgyzstan"
р/а 1031520000159869
BIC 103015

№ 2 «2» май 2023-ж/г.

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министри
К.К.Иманалиевге
Кыргызстандагы медициналык
колледждердин ассоцациясынын
төрагасы Ө.Т.Станбаевден

**Урматтуу Каныбек Капашович**

Сизге кайрылуубуздун себеби: орто кесиптик медициналык колледждерде негизги жалпы билими менен (9-класстын базасы менен) кабыл алуу негизсиз жабылган.

Бүгүнкү күндө орто кесиптик билим берүү тармагында балдардын кызыкчылыктарына каршы келе турган жагдай түзүлүп калды, анда 9-класстын бүтүрүүчүлөрү медициналык колледждерге тапшыра алышпайт.

9-класстан кийин медициналык колледждерге тапшырган өспүрүмдөр медицинага, кесипке эрте багыт алып, адаптациялык мүмкүнчүлүктөрү калыптанып, эртерээк өз алдынчалуулукка үйрөнүп, атаандаштыкка жарамдуу, компетенттүү адис болуп, жетиштүү деңгээлде кесипкөй адистердин чыгарын белгилейбиз. Бул медициналык кызматкер үчүн эң керектүү сапат.

Мектептин көп окуучулары 10-11-класстарда калып окуугусу келишпегендиги дайын.

Кыргызстандагы медициналык колледждеринин ассоциациясынын атына коомчулуктан, ата–энелерден, медициналык колледждердин жамаатынан негизги жалпы билими менен (9-класстын базасы менен) кабыл алууну киргизүү боюнча сураныч каттар келүүдө.

Негизги жалпы билими менен медициналык колледждерге кабыл алуу көпчүлүк ата-энелердин, коомчулуктун, медициналык колледждердин жана окутуучулардын суранычын, окуучулардын каалоосун, кээ бир аймактарда орто медициналык адистердин жетишсиздигин, улуттук каада салттын өзгөчөлүгүн (эрте турмуш курган улан кыздардын кесипке ээ болуу мүмкүнчүлүгүн), башка өлкөлөрдөн студенттерди (мигранттардын балдары) биздин өлкөгө которуудагы көйгөйлөрүн, негизги жалпы билим берүү базасында абитуриенттерди медициналык колледждерге кабыл алуу жоктугунан, 9-класстын бүтүрүүчүлөрү Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигиндеги өлкөлөрүндөгү медициналык колледждерге кетип калуусун эске алып негизги жалпы билими менен (9-класстын базасы менен) кабыл алууну киргизүү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы № 160 «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишмерлигин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө» токтомун өзгөртүүнү суранабыз.

2020-жылдын февраль айында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынан жарандардын улуттук кызыкчылыктарын эске алуу менен, ошондой эле социалдык жана экономикалык тармактарды өнүктүрүүгө майнаптуу натыйжаларды бере турган, мамлекеттик масштабдагы өзгөрүүлөргө мобилдик аракеттенүү зарылдыгына байланыштуу, республиканын медициналык колледждерине негизги жалпы билим берүүнүн базасында студенттерди кабыл алуу маселесин караштыруу жөнүндөгү кат жөнөткөндүгү социалдык тармактарга тараган. Бул маселе мектеп окуучуларынын ата-энелеринен келип чыккандыгы жазылган. 2020-жылдын апрель айында Саламаттыкты сактоо министрлиги токтомдун долбоорун иштеп чыгып, керектүү ведомостволор менен макулдашылып Өкмөт талкууга коюп, өлкөдөгү өзгөчө абал, Covid-19 пандемиясынын кесепетинен бекитилбей калганына байланыштуу кайрадан карап токтомго өзгөртүү киргизүү мененнегизги орто билими менен кабыл алууну суранабыз.

Негизги орто билими менен кабыл алгандар контракттык негизде жана ыктыярдуу экенин эске алганда финансылык каражат талап кылынбайт.

Тиркелет:

1. *КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №160 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө 2020-жылдагы Саламаттык сактоо министрлигинин сунушу.*

2. *Кайрылуулар*

Терең урматтоо менен
Кыргызстан медициналык
колледждеринин ассоциациянын төрагасы: Станбаев Ө. Т.

Телефон: 0553 68-29-86
Электрондук дарек: kmka17@mail.ru

May. 03 2023 02:10AM

| NO. | OTHER FACSIMILE | START TIME | USAGE TIME | MODE | PAGES | RESULT | CODE |
| --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- | --- |
| | 0312 621520 | May. 3 2:09AM | 01'27 | TX | 01 | PRESSED THE STOP KEY | (A2) |